Вестник БГУ
БМУ Жарчысы

№3 (61)
2022

НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА
К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

Главный редактор
А.И. МУСАЕВ
доктор филологических наук, профессор

Заместитель главного редактора
Г.М. МУРЗАХМЕДОВА
доктор филологических наук, профессор

ISSN 1694-8122 (печатная версия)
ISSN 1694-8130 (электронная версия)
DOI: 10.35254/bhu

РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ

ТОГУЗАКОВ О.А. - доктор философских наук, профессор
АБДРАХМАНОВ Т.А. - доктор исторических наук, профессор
БОТОКАНОВА Г.Т. - доктор философских наук, доцент
ГУСЕЙНОВА И.А. - доктор филологических наук, профессор (Россия)
БЕЙСЕБАЕВ Р.С. - доктор исторических наук, доцент
ЧЖАН НА - доктор филологических наук, профессор (КНР)
НАДЖИЕВА Ф.С. - доктор филологических наук, профессор (Азербайджан)
КОБЛАНДИН К.И. - доктор исторических наук, профессор (Казахстан)

ЧЛЕНЫ НАУЧНО-РЕДАКЦИОННОЙ КОЛЛЕГИИ

МАХМУДОВ Э.А. - кандидат экономических наук, доцент (Узбекистан)
ИСКЕНДЕРОВА С.И. - доктор филологических наук, профессор
СЫДЫКОВ А.Н. - доктор филологических наук, профессор
САВИН В.Е. - доктор экономических наук, профессор
АСАКЕЕВА Д.Ж. - доктор филологических наук, доцент
ДЫЛДАЕВ М.М. - доктор географических наук, доцент
МУСАЕВА Н.К. - кандидат психологических наук, доцент
КОЗУЕВ Д.И. - кандидат филологических наук, доцент
КАДЫРКУЛОВА Ф.Д. - кандидат филологических наук, профессор
ЧОГУЛДУРОВ М.Д. - кандидат географических наук, доцент
АСАНОВА А.А. - кандидат филологических наук, профессор
СЫРГАБАЕВ С.Б. - кандидат социологических наук, доцент
СЕЙИТБАЕВ Б.Т. - кандидат политических наук, доцент
САДЫРАЛИЕВА Г.Э. - кандидат филологических наук, доцент

Научный журнал основан
в 2003 г.
Выходит 4 раза в год

Журнал зарегистрирован в
Министерстве Юстиции КР
2 марта 2001 г.
Свидетельство
о регистрации
№ 504

Бишкекский
государственный
университет
им. К.Карасаева

Журнал входит
в систему РИНЦ с 2017 г.

Журнал входит в систему
DOI с 2019 г.

Адрес редакции:
722044. Кыргызстан, г. Бишкек, проспект Ч. Айтматова, 27. БГУ им. К. Карасаева
Тел.: (+996) 312 21-87-11, 21-89-61
Электронная почта: vestnik_bgu@mail.ru; vestnik@bhu.kg

БМУ Жарчысы
Вестник БГУ

№3 (61)
2022

К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ
НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА

Илимий журнал
2003-жылы негизделген
Жылына 4 жолу жарык көрөт

Журнал КРнын
Адилет министрлигинен
2001-жылы 2-мартта
каттоодон өткөн.
Каттоо күбөлүгү
№ 504

К.Карасаев атындагы
Бишкек мамлекеттик
университети

Журнал 2017-жылдан
РИНЦтын түзүмүнө кирди

Журнал 2019-жылдан
DOI түзүмүнө кирди

Башкы редактор
А.И. МУСАЕВ
филология илимдеринин доктору, профессор

Башкы редактордун орун басары
Г.М. МУРЗАХМЕДОВА
филология илимдеринин доктору, профессор

ISSN 1694-8386 (басып чыгаруу)
ISSN 1694-8394 (электрондук версия)
DOI: 10.35254/bhu

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

ТОГУЗАКОВ О.А. - философия илимдеринин доктору, профессор
АБДРАХМАНОВ Т.А. - тарых илимдеринин доктору, профессор
БОТОКАНОВА Г.Т. - философия илимдеринин доктору, доцент
ГУСЕЙНОВА И.А. - филология илимдеринин доктору, профессор (Россия)
БЕЙСЕБАЕВ Р.С. - тарых илимдеринин доктору, доцент
ЧЖАН НА - филология илимдеринин доктору, профессор (КНР)
НАДЖИЕВА Ф.С. - филология илимдеринин доктору, профессор (Азербайджан)
КОБЛАНДИН К.И. - тарых илимдеринин доктору, профессор (Казахстан)

ИЛИМИЙ-РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ

МАХМУДОВ Э.А. - экономика илимдеринин кандидаты, доцент (Узбекистан)
ИСКЕНДЕРОВА С.И. - филология илимдеринин доктору, профессор
СЫДЫКОВ А.Н. - филология илимдеринин доктору, профессор
САВИН В.Е. - экономикалык илимдеринин доктору, профессор
АСАКЕЕВА Д.Ж. - филология илимдеринин доктору, доцент
ДЫЛДАЕВ М.М. - география илимдеринин доктору, доцент
МУСАЕВА Н.К. - психология илимдеринин кандидаты, доцент
КОЗУЕВ Д.И. - филология илимдеринин кандидаты, доцент
КАДЫРКУЛОВА Ф.Д. - филология илимдеринин кандидаты, профессор
ЧОГУЛДУРОВ М.Д. - география илимдеринин кандидаты, доцент
АСАНОВА А.А. - филология илимдеринин кандидаты, профессор
СЫРГАБАЕВ С.Б. - социология илимдеринин кандидаты, доцент
СЕЙИТБАЕВ Б.Т. - саясий илимдеринин кандидаты, доцент
САДЫРАЛИЕВА Г.Э. - филология илимдеринин кандидаты, доцент

Редакциянын дареги:
722044. Кыргызстан, Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси, 27, К.Карасаев атындагы БМУ
Тел.: (+996) 312 21-87-11, 21-89-61.
Электрондук почта: vestnik_bgu@mail.ru; vestnik@bhu.kg

УДК: 394

Председатель Ассоциации
высших учебных заведений КР,
ректор БГУ им. К.Карасаева,
профессор А. Мусаев

Сила храбреца - крепче крепости!

(Ж.Боконбаев)

В эти трагические дни мы вместе скорбим с нашей Родиной… Лучшие сыны кыргызской земли отдали свои жизни за сохранение суверенитета и территориальной целостности Отчизны, отражая агрессивное и масштабное военное вторжение Республики Таджикистан. Они настоящие герои! Их подвиги навсегда останутся в памяти кыргызского народа.

Вторжение на суверенную территорию Кыргызстана еще раз показало всему миру сплоченность, единство, высокий уровень гражданственности и гражданской идентичности кыргызстанцев. Молниеносная мобилизация и самоорганизация рядовых граждан для оказания гуманитарной помощи пострадавшим с первых часов вооруженного акта агрессии в Баткенской области – является ярким примером этому. Народная помощь и поддержка государству в этот трудный период оказывается и по сей день кыргызстанцами не только на Родине, но и по всему миру. Таким образом, наш народ в очередной раз продемонстрировал те глубинные качества, которые испокон веков служили стержнем сохранения и приумножения тысячелетней кыргызской государственности. Сила храбрецов, наших героев, сплоченность нации – крепче любой крепости!

Гибридный характер современных вооруженных конфликтов породил много рисков в обеспечении безопасности государства в самом широком смысле. В эти дни одновременно со вторжением велась и активная информационная атака, вбросы по социальным сетям и мессенджерам. Наши активисты, журналисты, блогеры и просто неравнодушные граждане всячески оказывали поддержку на информационном «фронте», способствуя блокировке сотни аккаунтов противника, распространяющие фейковые новости. Организовывали народные информационные штабы, старались быстро переводить оперативные сообщения из мест на различные языки мира и распространять их, тем самым помогая объективному и правдивому освещению кровавых баткенских событий в мировых информационных ресурсах. Безусловно, это все стало возможным благодаря развитому в нашем государстве независимым массмедиа, свободе слова и высокому уровню демократизации общества. Вся система государственных органов в эти дни также работала и работает в напряженном круглосуточном режиме, а университеты отправляют своих специалистов для оказания психологической помощи перемещенным и пострадавшим мирным жителям Баткена.

Навязанный нам извне гибридный вооруженный конфликт показал нам правильность демократического курса нашей страны, а также необходимость дальнейшего развития медиаграмотности населения в целом. Мы все наблюдали, как часть населения поддавалась провокационной, неправдивой (фейковой) информации, быстро распространяемой через социальные сети, мессенджеры и многочисленные интернет ресурсы. Это все, в свою очередь, отрицательно сказывается на обеспечении национальной информационной безопасности в республике.

В условиях тектонических изменений в глобальном мире, неопределенности и рисков особое значение приобретает способность не только анализировать, но и прогнозировать будущее процессов, происходящих в различных сферах жизнедеятельности государства, региона и мира. В этом плане у нас ощущается необходимость дальнейшего развития потенциала государственных «мозговых центров», которые могут готовить научную основу для принятия превентивных решений. Помимо уже сложившихся и действующих структур, использование интеллектуального ресурса университетов в этих целях сегодня является целесообразным. На базе соответствующих университетов нужно создавать «мозговые центры» (научно-исследовательские, аналитические и прогностические узлы) с привлечением ученых, аналитиков и исследователей, а также активно вовлекать их в процесс ситуационного анализа и подготовки научно-обоснованных государственных решений.

Укрепление и наращивание интеллектуального потенциала нашей страны, помимо экономической и военно-политической составляющей, сегодня является важнейшей государственной задачей. И вся система высшего профессионального образования, и университетское сообщество ученых должны вносить свой посильный вклад в обеспечение его устойчивого развития и укрепления государственности.

I. ОБЩЕСТВЕННО-ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ

ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИЕ

УДК: 821.512.154
DOI 10.35254/bhu/2022.61.4

Мусаев А.И.,
К. Карасаев атындагы
Бишкек мамлекеттик университети

Т. КАСЫМБЕКОВДУН “СЫНГАН КЫЛЫЧ” РОМАНЫНЫН ПОЭТИКАСЫ

Кыскача мазмуну

Бул макалада белгилүү жазуучу Төлөгөн Касымбековдун кыргыз адабиятындагы алгачкы тарыхый романы “Сынган кылыч” чыгармасынын поэтикасы талдоого алынат. Ошону менен бирге романдын сюжеттик өзөгүн түзгөн Кокон хандыгындагы карама-каршылыктар жана төңкөрүштөр, кокондуктардын эзүүсүндө калган карапайым кыргыз элинин оор турмушу жана алардын эркиндикке жетүү кыялынын жазуучу тарабынан ынанымдуу жана көркөм сүрөттөлүшүнө өзгөчө көңүл бурулат. Макалада көркөм деталь сыяктуу тексттин маанилүү компоненти, ошондой эле жазуучунун мүнөздүк деталдарды жарата билген чеберчилиги да изилдөөгө алынат. Кокон хандыгынын мезгилиндеги тарыхый окуялардын көркөм чагылдырылышы менен инсандын жана элдин тарыхтагы ордун көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, ал эми документалдык жана автордук чыгармачылыктын диалектикалык өз ара байланышы романдын реалдуулугун күчөтөт деген жыйынтык чыгарылат.

Түйүндүү сөздөр: *поэтика, тарых, компонент, текст, Кокон хандыгы, көркөм деталь, кыргыз адабияты.*

Мусаев А.И.,
Бишкекский государственный
университет им. К. Карасаева

ПОЭТИКА РОМАНА Т. КАСЫМБЕКОВА “СЛОМАННЫЙ МЕЧ”

Аннотация

В данной статье рассматривается проблема поэтики первого в кыргызской литературе исторического романа известного писателя Толегена Касымбекова “Сломанный меч”. Особое внимание уделено описанию средств художественной выразительности, посредством которых автору романа удалось наиболее полно и убедительно показать время дворцовых интриг и переворотов в Кокандском ханстве; тяжелую жизнь простого кыргызского народа под игом кокандцев и его мечту о обретении свободы. В статье исследуется такой существенный компонент текста, как художественная деталь, а также мастерство писателя, умеющего создавать характерные детали. Автором статьи делается вывод о том, что художественное изображение исторических событий того периода дает возможность показать роль личности и народа в истории, а диалектическое взаимодействия документальности и авторского вымысла только усиливают реалистичность романа.

Ключевые слова: *поэтика, исторический, компонент, текст, Кокандское ханство, художественная деталь, кыргызская литература.*

Musaev A.I.
Bishkek state university
after K. Karasaev

POETICS OF T. KASYMBEKOV'S NOVEL "THE BROKEN SWORD"

Abstract

This article deals with the problem of the poetics of the first historical novel in Kyrgyz literature by the Tolegen Kasymbekov “The Broken Sword”. Particular attention is paid to the description of the means

of artistic expression, through which the author of the novel managed to most fully and convincingly show the time of palace intrigues and coups in the Kokand Khanate; the hard life of the simple Kyrgyz people under the yoke of the Kokand people. The article explores such an essential component of the text as an artistic detail, as well as the skill of a writer who knows how to create characteristic details.

Key words: *poetics, historical, component, text, Kokand Khanate, artistic detail, Kyrgyz literature.*

Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романы изилдөөгө алган турмуштук материалы, көтөргөн проблемалары, идеялык концепциясы жагынан эле эмес көркөм - эстетикалык касиет - сапаттары жагынан да кызыгууну туудурбай койбойт.

Алды менен бул чыгарма ички полемикага эгедер экендигин белгилөө абзел. Ал полемика 19 - кылымдагы биздин элдин турмушун, Россия менен кыргыздардын алгачкы алака-катыштарын жасалма жасап-түзөп, жымсалдап, бир беткей, бир түстө сүрөттөгөндөргө каршы багытталган. Жазуучу тарыхый чындыкка ылайык, историзм принцибин бекем тутунуу, илимий фактыларга, колдо бар хроникалык-документалдык материалдарга негизденүү менен бул мезгилдик тилкебиздеги турмушубузду бүтүндөй ички татаалдыктары, карама -каршылыктары менен аеосуз, катаал реализмдин нугунда сүрөттөйт. Жөн гана сүрөттөө менен чектелбейт, изилдейт, ой жүгүртөт, өз баасын, көз карашын, тарыхый объективдүү дүйнөнүн көркөм интерпретациясын берет. Турмуш чындыгын көркөм чындыкка айлантууда сүрөттөөнүн объективдүү-концептуалдык, объективдүү – документалдык принциптерин колдонот [1].

Элдин өнүгүш жолундагы чоң - чоң уруттуу өнүгүш тенденциялар, мерчемдүү окуялар жана бурулуш учурлар гана тарыхтын «эсинде» сакталып калып, ал эми күнүмдүк, “майда-барат” жагдайлары мезгилдин кучагына кирип, сиңип кетээри белгилүү. Жазуучу өткөн кылымдагы кыргыздардын коомдук - саясий, социалдык - психологиялык ал - абалын, тагдырын аныктай турган чечүүчү кыймыл - аракеттерин чагылдырууда ошол “майда –бараттарды” кошо берет, тарыхый турмуштун жандуу, элестүү сүрөтүн тартат.

Романдагы сүрөттөөнүн негизги объектиси мезгил. Бирок ал объект гана эмес, субъект дагы. Автор мезгилдин көркөм образын жаратат, кыйла татаал психологиясын иликтейт. Ошол эле учурда ал композициянын элементи, сүрөттөөнүн каражаттарынын бири катары кызмат кылат.

Окурмандын көз алдынан ар кыл социалдык катмарлардын өкүлдөрүнүн тагдырлары, ордодогу бийлик үчүн айыгышкан кармаштар, купуя жана ачык күрөштөр, Сарыбай, Кулкиши, Теңирберди өңдөгөн карапайым, көптүн бири болгон жай адамдардын күндөлүк тиричилиги, Айзаада, Эшимдердин баштарынан кечирген драмалары, стилистикасы, тактыгы, жалаң фактыларга гана таянгандыгы жагынан кээде илимий эмгек менен чектешип кеткен хроникалык материалдар, социалдык - психологиялык жүк көтөрүп турган пейзаждык сүрөттөөлөр, көптөгөн лирикалык, публицистикалык чегинүүлөр ж.б. чубап өтөт. Мындай мол жана ар кыл маанайдагы материалды бириктирүү, монтаждоо, бир бүтүн жандуу эстетикалык организмге жеткирүү оңойлукка турбайт. Көркөмдүүлүктүн негизги критерийлеринин бири - биримдүүлүк эмеспи. Мунсуз көркөм чыгарманын структурасы борпой болуп, ыдырап, ажырым-ажырым болуп калышы мүмкүн. Буларды бир түйүнгө баш коштуруп, бир бүтүн чыгарма жаратууда негизги кызмат, аны баштан аяк аралап өткөн бир каарман же бир үй бүлөнүн таржымасы ж.б. эмес, алды менен автордук концепцияга, идеяга таандык.

Сүрөттөөгө алынган материалдын мүнөзү чыгарманын сюжеттик-композициялык бөтөнчөлүгүн да аныктайт. Анын композициясын салттуу болгон тепкичтүү /ступенчатый/, айлампа /кольцевой/, удаа өнүккөн / параллельный/ типтеринин бирине толугу менен ыйгаруу кыйын. Анткени, романда булардын бардыгынын элементтери ар кыл формада, ар кыл эстетикалык карымкатышта кездешет.

Көп пландуу, көп катмарлуу, “Сынган кылычта” мезгилдик чен-өлчөмдөр менен алганда окуялар кеңдикти көздөй да, тереңдикти көздөй да өнүгүп, бир илгерилеп, бир кетенчиктеп, болгондо да бир нече кылымга артка кайрылып, кайрадан сүрөттөлүп жаткан учурду кууп жетип, бир учурда параллель көрсөтүлүп, салаа - салаа боюнча өнүп - өрчүп, ошентсе да барып-келип, негизгиси, тарыхтын арымы менен адымдаш, үзөңгүлөш чагылдырылып отурат. Мунун баары чыгарманын мезгилдик жана мейкиндик чектерин кыйла кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бу таризде бөтөнчө орун ретроспекцияларга, тарыхый экскурстарга, каармандардын эске түшүрүүлөрү, ой - жүгүртүүлөрү ж.б. таандык.

Чыгарма башталганда эле сүрөттөөнүн хронологиялык принциптери бузулуп, окуянын кайнап, оргуштап турган учуру, чок ортосу – 1865-жылдагы генерал Черняев баштаган орус аскерлери менен Алымкул аталык жетектеген Кокондуктардын ортосундагы кандуу кагылыш чагылдырылат. Мына ушул чакан баталдык сценанын ички микродүйнөсүндө эле Т.Касымбековдун поэтикасынын бөтөнчөлүктөрү, кесиптик маданияты, чеберчилиги астейдил көрүнө баштайт. Кан майдан, андагы кызыл кыргынга аралашкан адамдар бир гана, кандайдыр бир кыймылсыз чекиттен гана көрсөтүлбөйт, байкоо жүргүзүүнүн ыңгайы дайыма динамикада, дайыма ийкем. Ар кыл ракурстар, ар кыл пландар пайдаланылат. “Генерал Черняев боз чаңдуу дөңдө жалгыз көздүү дүрбү салып турду. Бет алдындагы түз талаа гана эмес, те алда кайда кararган чоочун Ташкен дубалы, мунарыктын алдында жаткан даректуу кыштактар, сай бойлорундагы күдүрөйгөн камыштар, андар бери канаттуу чегирткедей жайнап, акырын жылып келаткан көп аскер даана жатты. Кылка-кылка атчандар. Арты көрүнбөй ийрилип, чубалган жөөлөр. Боз чаң ар жерден биртелеп түтөп, кайра жерге сүйрөлүп, суйдан сарала чөптөргө, жалгыз аяк көк жантактарга самсып төгүлөт. Алыстан ат кишенейт. Адамдын жаңжуну кулакка илешет. Кокондуктар мынчалык камдуу келерин генерал күткөн эмес” [2]. Көрүнүп тургандай, Кокон аскеринин жалпы көрүнүшү генерал Черняевдин көзү менен көрүлүп, байкоо жүргүзүүнүн ыңгайы анын образынын тулкусуна сиңирилет. Мындан соң Черняевге бул көрүнүштөр кандайча таасир калтырганы автордук психологиялык талдоо, каармандын речи, ички туйгулары, ички монологу аркылуу берилет. Бир эле көрүнүшкө түрдүү өнүттөн байкоо жүргүзүү, сүрөттөө, баа берүү ыкмасы Т.Касымбековдун поэтикасында кеңири кездешет. Ал эми жазуучу тандап алган объективдүү, автордук баяндоо чыгарманын көркөм мейкиндигинде ээн эркин жылып жүрүүгө, улам бир каарманды, окуяны сүрөттөөдөн экинчи бир каарманды, окуяны сүрөттөөгө табигый түрдө жеңил өтүүгө, аларды сырттан, ичкертен, алыстан, жакындан ж.б. чагылдырууга мүмкүнчүлүк

ачат.

“Ушул учурда Кокондуктардын аскер башчысы да мерчемдүү өнүткө келген. Ак-боз аргымактын тизгинин жыя тутуп, сары талаанын туш-тарабына, боз чаптуу майда адырларга, өңүт тандап, бөлүнүп кетип жатышкан кошун кыйрына назар таштады” [3]. Бул айтылуу Алымкул датка. Согуш өнөрүн мыкты билген, бул кармаштын жоопкерчилигин толугу менен өз мойнуна алып, ошондон улам далай санаа чегип, жан дүйнөсү дүрбөлөңгө түшүп, азаптанып турган адам. Булар анын “көздөрү канталап, иреңи кубарып, бырышы көбөйүп, уйкудан жүдөгөн” өңдүү учкай берилген психологиялык портретинен деле сезилип турат.

Окуялар салгылашка аралашкандардын арасынан буларга тиешеси жок, сырттан байкоочунун позициясынан да сүрөттөлүп отурат. Кокондуктар согуштун толгомо ыкмасын чебер колдонуп, душманын эки капталдан ороп, ок жеткидей аралыкты шамалдай кесип өтүп, кылычташууга, көптүккө салып, бир ууч орус аскерин тебелеп кетүүгө жакындап, жеңиш үмүтү бүлбүлдөп көрүнө баштаганда аталык киши колдуу болду. “Жанындагы нөкөрлөрүнөн кымкуутта аскербашы ажырай түшкөн эле. Бир гана удайчы ээрчип жүрдү... Аты да кара, өзүнүн иреңи да кара, түнөрүңкү, суз муздак болучу... Анын агы көрүнбөгөн жылтыр көздөрү диртилдеп аскербашынын далысынан өтө баштады... Кара атынын далысына өзүнүн кара денесин жашыра берип, атынын кара жалынан мылтыктын учун ашыра сунду... Көз ирмемде мылтык үнү тып этти” [3]. Салттуу кара деген түс, деталь мында символикалык даражага көтөрүлөт. Баары кара, ою да, ниети да, иши да, ошого жараша өңү да, аты да кара, а тургай, анын көздөрүнүн агы да көрүнбөйт. Бул символикалык деталь Т. Касымбеков тарабынан түрдүү маанайда, сюжеттик кырдаалда, ар түрдүү формада кыйла эле пайдаланылат. Кийинки бөлүмдөрдө бечара Мадылдан хан салыгы катары беш сары таман атты доолап, далай кордук көрсөтүп кеткен киши да кайра-кайра “кара атчан” деп гана мүнөздөлөт. Ага карата автордук мамилени ушундан эле баамдоого болот, каарманды жазуучу бул эпизоддо таптакыр атынан атабайт, атагысы келбейт. Бул милдетти экинчи каарманга жүктөп салат. Мадылдын “ Э... келиңиз... хантагасы келиңиз...”деген сөзүнөн кийин гана бул Домбу экенин баамдайбыз. “Келкел” романында да мындай терең маани камтылган деталдарды, штрихтерди кыйла эле кезиктирүүгө болот.

Ошентип, туусунан, акылман кол башчысынан айрылуу Кокондуктардын колу үчүн жалындап, улам күчөп бара жаткан өрткө суу сепкендей эле болду. Сүрөткер мына ушундай шартка кириптер болгон көпчүлүктүн, массанын психологиясын, эмоционалдык - экспрессивдик абалында ишенимдүү тартат. “Баары көрүштү. Жабыла чаап, акбозду кармашты. Ошол замат аларды түкшүмөл ойлор бийлеп, бирин-бири алдыртан тиктешип, бири-биринен коркушуп, шектенип, томсоруп туруп калышты... Чуу көтөрүп кайра токтошту. Эмне кылаарын билишпей баары шылкыйып туруп калышты. Кай бирөөлөр шыпшынды. Кай бирөөлөрдүн бул топтон канткенде суурулуп чыгып кетишин камына түшө эриндери ортозаар кымтылып, көздөрү ойноду» [3]. Сүрөттөлгөн окуялардын маанайына жараша бул эпизоддогу баяндоонун ыргагы шар, ыкчам, темпераменттүү. Анткени турмуштук кырдаал ички динамикалык күчкө ээ болуп турса, инерттүү, жансыз тил менен сүрөттөөгө, же сюжеттик окуя трагедиялуу, драмалуу тенденцияны камтып турса ал жөнүндө бейкапар, кайдыгер тил менен сөз кылууга таптакыр жарабайт. Мындайда дароо чыгарманын эстетикалык гармониясы бузулат. Жогоркудай шакардай кайнап, оргуштаган окуялардан соң, экинчи эпизоддо бул көрүнүштөргө контрасттык мүнөздөгү бейкут, жай турмуш сүрөттөлөт. Баяндоонун ыргагы да ошого ылайыкташат. “Чоң ак - сары көпөлөктөр бейкут учушуп... серүүн абада кылактап жүрүшөт. Ойноп жүрүшкөн чымчыктардын тилинен башка эчтеке магдыроосун ойготпой, аба тыптынч” [3]. Ушуга байланыштуу Теңирберди карыянын кыймылын да “жай”. “акырын”, “шашылбай” деген эпитеттер коштоп, бир жер де Кан күйгөн алаамат согуш болуп жатса да, турмуш мезгил өз табигый мыйзамы, нугу менен жайбаракат өтүп жатканын туюнтат. Мындан соң Абил бий, Бекназар баштаган тоолуктар Алымкул аталыктан айрылгандан соң эрегишүүнү токтотуп, өз айылдарына кайтып келиши, Абил менен Бекназардын ортосундагы купуя тирешүү, мамлекет кызыкчылыгы, эл биримдиги деген жалган шылтоо менен көпчүлүктү орустарга каршы шыкактап, күрөшкө көтөрүүгө аракет кылган Абдрахман абтабачыга байланыштуу ж.б. окуялар, негизинен, бир мезгилдик тилкеде өз ирети менен берилет. Экинчи бөлүмдө автор өткөнгө тарыхый экскурс жасап, сүрөттөлгөн окуялардан ал канча мурунку, тээ 1842-жылдын жай айынан баштап, “Ээн жайытта оттоп жүргөн мал сыяктуу бейгам”, өзүнүн түпкү теги тууралуу таптакыр кабарсыз болуп, Ажыбай датканын эшигинде баш паана кылып жүргөн Шералинин кыргыз уруктарынын жардамы менен хан көтөрүлүшүн, Нүзүп аталык, Мусулманкулдардын трагедиялуу тагдырларын ж.б. 1865-жылга, башкача айтканда, чыгарманын биринчи беттериндеги эпизодго чейин баяндайт. Демек, бул эки бөлүмдүн окуяларынын өнүгүүсү кайсы бир деңгээлде айлампа композицияны эске салат. Мезгил сызыгы имерилип келип, кайрадан түзөлөт. Мезгил демекчи, сүрөткер ар бир окуянын качан өтүп жатканын, адатта, эпизоддордун башында так, данаа белгилеп жүрүп олтурат. “Ошол 1845-жылдын жазында Мусулманкул миңбашы ордодо жокто Исфара вилаетинин беги Сатыбалды датка капысынан ордону басып, Шерали ханды өлтүрүп, Алим хандын Ибрагим бектен кийинки уулу Мурад бекти хан деп жарыялап жиберди. Мурад бек он бир гана күн таажы кийди. Мусулманкул аскер күчүнө салып, Мурад бектин биртике колун бытчыт кылып ордого кайра кирип, Шерали хандын он төрт жашар баласы Кудаяр бекти хан көтөрдү” [3] Тарыхый өнүгүштүн уруттуу учурларын, ички механизмин мүмкүн болушунча толугураак камтуу, мезгилдин коомдук-саясий фонун, жалпы контурларын тартуу үчүн сүрөткер мына ушундай хроникаларга да кайрылууга мажбур болот. Автор окуялардын өнүгүшүн өзүнүн табигый жолуна коюп, анын жүрүшүнө зордук-зомбулук кылбай, ачыктан - ачык аралашпай, мүмкүн болушунча объективдүү болууга аракет кылганы менен анын образы романдын бүтүндөй тулкусунан, ал эле эмес, майда - барат деталдарынан да сезилип турат. Ал эми өзүнүн субъективдүү көз караштарын, мамилелерин, баасын публицистикалык жана лирикалык чегинүүлөрдө түздөн-түз берет.

Ушул эле бөлүмдө ретроспективдүү сүрөттөөнүн алкагындагы ретроспекцияларды да көрөбүз. Алар чыгарманын мезгилдик жана географиялык кулачын андан ары кеңейтет. Маселен, Ажыбай датканын кыргыз уруктарынын билермандарына, алды менен Шералиге, Амир Темир Көрөгөндүн урпактары, Кокон ордосунун таржымалы жөнүндөгү куруп берген баяны психологиялуулукка, окуялуулукка караганда көбүнчө информативдүүлүк маанайга ээ. Ал эми он миңден ашуун колу менен Коконду камап коюп, түнкү отту тиктеп отурган Нүзүп аталыктын өзү, баскан жолу жөнүндөгү эскерүүлөрү анын мүнөзүнүн калыптанышы, экспозициясы катары кызмат аткарып, кийинки кыймыл-аракетинин ишенимдүүлүгүн арттырат. Формалдуу түрдө бул эскерүүлөр Нүзүпкө тиешелүү болгону менен иш жүзүндө алар үчүнчү жактан эле баяндалат. “Нүзүп ата мээримин көрбөдү. Эсенбай

бий анын энесин салынды кылып таштап, энеси экөбү айылдын четинде боз төбөл үйдө эптеп, түтүн булатып, карыптын оокаты менен жан сакташчу. Нүзүп кичинекейинде таз болуп кетип, төбөсү жылтырап, чачы жок болуп айыкты...” [3] Мындай стиль каармандын өзүнө эмес, аукториалдык баяндоого тиешелүү экендиги көрүнүп турат. Мында эпизоддор ушунчалык деталдаштырылып, жандуу, элестүү берилип, этиш сөздөр өткөн чакта эле эмес, учур чакта да пайдаланылгандыктан окурман менен окуялардын ортосундагы эпикалык дистанция анча сезилбей, сүрөттөлгөндөрдүн эмоционалдык сапаты артып, алар тээ мурун эмес, куду эле бүгүн, азыр көз алдыбызда өтүп жаткандай таасир калтырат. Бул бөлүм абдан сыйымдуу, курч, кызыктуу материалдарга жыш. Ушуга жараша мезгилдин арымы абдан тез болуп, окуялар бирин-бири бат-бат алмаштырып турат. Үчүнчү бөлүмдө негизинен окуялар биринчи бөлүмдүн аягындагы мезгилдин үзүлгөн жеринен кайрадан уланат. Муну автордун “Темир шейит болгон жылы Болот тогузда эле. Ана ыйлуу, муңдуу үч жыл өттү” деген учкай эскерүүсүнөн эле билебиз. Сарыбай, Айзааданын тагдыры, Домбунун кунун кубалоо, ордонун ачыктан-ачык зомбулугу ж.б. белгилүү бир тартип менен чагылдырылып отурат да, кыскача ретроспективдүү баяндоодо Темир менен Айзааданын алгачкы махабаты, баш кошуусу берилет.

Чыгарманын идеялык - эстетикалык тулкусунда негизги орундардын бирин ээлеген Исхактын образына кийинки бөлүмдөрдө гана кездешебиз. Миң тукумунун түгөнгүс чырынан көңүлү калып, ордонун күндөн-күнгө күчөп бара жаткан кысымына чыдай албаган эл Исхакты туу кылып, көтөрүлдү. Элет менен ордонун ортосунда дайыма ортомчу, данакер боло жүргөн, ооз жүзүндө мамлекет кызыкчылыгын, биримдигин көздөгөн киши болуп, а иш жүзүндө, бийлик башындагыларга жагынуу, алынууну көксөгөн айлакер Абил бийдин колдоосу менен Абдырахман абтабачы зөөкүр Наум пансатты курмандыкка чала коюп, Шер датка баштаган элеттин билермандарынын көңүлүн таап, көтөрүлүшчүлөрдүн ыркын кетирди. “Э, атасы башка менен коен уулаба деген ушубу?! Сызга отургузуп кетишеби? Исхак санаага чөктү. Жигит оюну, саркерлердин кылчаңдоосуз колдоосу, ишениими анын сынган көңүлүн жубата албады. Канткен менен, бийлердин ордо кишиси менен урук башчыларынын тил табышып кетиши арттан келип төбөгө чапкандай, күтүлбөгөн сокку болду. Эрегиш толкуну басылган көлдөй дароо дымый түштү” [3]. Дароо эле эрегиштин ташкындап, күчөп турган учуру сүрөттөлгөндүктөн, окурмандын көкүрөгүндө “бул эрегиш кайдан келип чыкты, анын башындагы Исхак ким, элдин колдоосуна кантип жетти?” деген өңдүү табышмактуу соболдор улам туула бериши түшүнүктүү. Каарман жогоркудай жалгызсырап, санаа тартып, көңүлү сынып турган чакта автор бул табигый суроолорго жооп берүү үчүн окуяларды дал ушул жерде токтото туруп, артка чегинип, Исхактын чоо - жайын баяндайт. Эшим менен Айзааданын тагды рлары да ушундай таризде сүрөттөлөт.

Адабияттар

1. Мусаев И. Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын поэтикасы – [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://akipress.kg (дата обращения: 15.10.2022).

2. Касымбеков Т. Сынган кылыч – аудио китеп [Электронный ресурс] . Режим доступа: https://sputnik.kg › syngan-ky... (дата обращения: 18.10.2022)

3. Сынган кылыч – Bizdin.kg [Электронный ресурс] Режим доступа: ttps://new.bizdin.kg › books › syngan-kylych (дата обращения: 21.10.2022)

ПЕДАГОГИКА

УДК 37.018
DOI 10.35254/bhu/2022.61.8

Нурдинова К.Х,
Джанибекова В.Б.,
ОшГУ

ОНЛАЙН-ОБУЧЕНИЕ: НОВЫЕ ВОЗМОЖНОСТИ ИЛИ УГРОЗЫ?

Аннотация

В статье рассматриваются проблемы дистанционного онлайн-обучения в вузах Кыргызстана в условиях пандемии коронавируса, указываются его особенности. На примере анализа степени удовлетворенности студентов международного факультета ОшГУ онлайн-обучением указываются плюсы и минусы данного формата обучения. Анкетирование 390 студентов показало наличие целого ряда проблем в организации онлайн-обучения. Как показал анализ ответов, только 25% опрошенных ответили, что их удовлетворяет онлайн-обучение. Вместе с тем 75% студентов выразили неудовлетворенность этой формой обучения и назвали ряд недостатков. Все указанные проблемы ставят вопросы о том, не является ли онлайн-обучение угрозой для обучающейся молодежи, дает ли оно требуемый госстандартами образования и реальной практикой уровень знаний, умений и навыков? Особое внимание в статье уделяется механизмам решения проблем онлайн-обучения с целью использования его уникальных возможностей в развитии образования. Материалы статьи были апробированы на международной конференции «Образовательные стратегии и инновации в эпоху цифровизации», которая проходила 5-6 октября 2022г. в Американском университете Центральной Азии.

Ключевые слова: *образование, дистанционное обучение, онлайн-обучение, преподаватели, студенты, информационно-коммуникационные технологии, новые возможности, угрозы, механизмы решения.*

Нурдинова К.Х,
Джанибекова В.Б.,
ОшГУ

ОНЛАЙН-ОКУТУУ: ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРБҮ ЖЕ КОРКУНУЧТАРБЫ?

Кыскача мазмуну

Макалада Кыргызстандагы вуздарда коронавирус пандемия шартындагы дистанттык онлайн окутуунун өзгөчөлүктөрүнө жана проблемаларына анализ жасалган. ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинин студенттеринин канааттангандыгына анализ жасоонун мисалында онлайн окутуунун жана берилген форматтын оң, терс жактары көрсөтүлөт. 390 студентти анкетирлөөдө онлайн – окутууну уюштуруудагы бир нече көйгөйлөрдү алып чыкты. Жоопторду анализдөөдө суралган студенттердин 25% канааттандыраарлык деп жооп беришкен. Ошону менен бирге 76% суралган студенттер канааттандыраарлык эмес экендигин билдирип жана бул форматтын кемчиликтерин белгилешкен. Көрсөтүлгөн көйгөйлөр онлайн – окутуу билим алып жаткан жаштарга коркунуч болобу жана билим берүүнүн госстандартынын талаптарына жооп берген билим деңгээлинин реалдуу практикасын жана көндүмдөрүн калыптандыра алабы деген суроолорду жаратат. Макалада онлайн – окутуунун уникалдык мүмкүнчүлүктөрүн билим берүүнү өнүктүрүүдө колдонуу максатында анын көйгөйлөрүн чечүү механизмдерине өзгөчө көңүл бурулган. Макаланын материалдары 2022-жылдын 5-6- октябрда Борбордук Азия Америкалык университетинде өткөн "Цифровизация эпохасындагы билим берүү стратегиялары жана инновациялары" деген конференцияда апробацияланды.

Түйүндүү сөздөр: *билим берүү, дистанттык окутуу, онлайн-окутуу, окутуучулар, студенттер, информациялык-коммуникациялык технологиялар, жаңы мүмкүнчүлүктөр, коркунучтар, чечүү механизмдер.*

Nurdinova K.H.,
Dzhanibekova V.B.,
Osh State University

ONLINE LEARNING: NEW OPPORTUNITIES OR THREATS?

Abstract

The article examines the problems of online distance learning at universities in Kyrgyzstan in the context of the pandemic coronavirus, indicates its features. Here is the example of the analysis of the students satisfaction of the International Faculty of Osh State University with online learning, the pros and cons of this format of learning are indicated. Questioning of 390 students showed a number of problems in the organization of online learning. As shown by analysis of responses, only 25% of respondents answered that they were satisfied with online learning. At the same time, 75% of students expressed dissatisfaction with this form of learning and named a number of disadvantages. All of these problems raise questions about whether online learning is not a threat to the learning youth, whether it gives the level of knowledge, skills and abilities required by state educational standards and real practice? Particular attention in the article is paid to the mechanisms of solving the problems of online learning in order to use its unique opportunities in the development of education. The materials of the article were tested at the international conference «Educational Strategies and Innovations in the Age of Digitalization» held on October 5-6, 2022 in the American University of Central Asia.

Keywords: *education, distance learning, online learning, teachers, students, problems, information and communication technologies, new opportunities, threats, solution mechanisms*

Ключевые положения статьи были презентованы на международной конференции «Образовательные стратегии и инновации в эпоху цифровизации», прошедшей в г.Бишкек 5-6 октября 2022г. Конференция организована в рамках реализации проекта «Дистанционное обучение для улучшения качества и доступа к образованию в Кыргызстане, Монголии и Таджикистане», реализуемого общественным фондом «Таалим-Форум» (Кыргызстан) в консорциуме с общественными организациями «Анахита» (Таджикистан) и Nomadic Nature Conservation (Монголия) при поддержке Центра Исследований Международного развития (IDRC, Канада).

Реалии сегодняшней жизни сделали актуальными и выдвинули на повестку дня вопросы дистанционного обучения. Пандемия коронавируса внесла в нашу жизнь кардинальные изменения и одно из изменений коснулось и сферы образования - началась волна онлайн-обучения. Как и во многих странах мира в Кыргызстане среднее и высшее образование перешли на онлайн-обучение с апреля 2020 года.

Сегодня в Кыргызстане понятие «онлайн-обучение» используется как синоним термина «дистанционное обучение (на расстоянии)», или «удаленное». Однако, если дистанционное обучение происходит на расстоянии, то онлайн-обучение предполагает прямую связь преподавателя со студентами в заранее определенное время, в которое проводятся лекции и практические занятия, осуществляется обратная связь. Дистанционное онлайн-обучение предполагает непрерывную взаимосвязь студента с преподавателем посредством компьютера или гаджетов через интернет.

Как известно, дистанционное обучение - явление для сферы образования не новое. В последние годы заочное обучение в сфере высшего образования стало дистанционным. По вопросу эффективности дистанционного обучения в научных кругах идут активные споры, ведутся исследования, в ходе которых эта форма обучения оценивается весьма неоднозначно. Ряд исследователей отмечают его преимущества и плюсы, другие акцентируют внимание на его минусах и неэффективности.

Многие исследователи к «плюсам» дистанционного обучения относят следующие моменты [1, с.57]:

1) студент может получать образование без отрыва от трудовой деятельности;

2) студенты имеют возможность не выезжать в учебное заведение и это особенно удобно это для тех, кто живет на периферии с точки зрения сокращения финансовых расходов, наличия возможности получения диплома зарубежных или столичных вузов;

3) дистанционное обучение дает возможность получить образование лицам, которые в силу инвалидности не могут посещать учебное заведение;

4) дистанционное обучение удобно для людей, имеющих желание и способности к самообразованию, и открывает для них возможность получить высшее образование;

5) студенты имеют возможность выбирать время и место для работы с учебным материалом, определять в соответствии со спецификой своего мышления темпы освоения учебного материала;

6) у обучающихся формируются более осознанное отношение к учебе, ответственность за результат своей учебы, умения распределять свое время и силы;

7) дистанционное обучение дает возможность университетам охватить большее число студентов.

Вместе с тем, исследователи указывают на ряд «минусов» дистанционного обучения такие как [1, с.59]:

1) студент не имеет возможности обратиться за консультацией лично к преподавателю;

2) в ходе обучения у студентов нет «живого» общения с преподавателями, одногруппниками, администрацией, выступать перед «живой» аудиторией, что плохо сказывается на развитии коммуникационных способностей;

3) не всякую специальность можно освоить дистанционно (врач, ветеринар, автомеханик, сантехник и ТД).

4) не каждый студент способен к самостоятельной работе, может мотивировать себя к ней в отсутствии постоянного контроля со стороны преподавателя;

5) студент не имеет возможности сравнивать промежуточные результаты своего обучения и других студентов, причём сравнивать «вживую»: при работе у доски, выступлениях на конференциях и т.д.

6) отсутствие рядом преподавателя, который преподносит учебный материал «вживую», с эмоциональной окраской, что влияет на степень его запоминания и понимания;

7) при дистанционном обучении теряется живая связь преподавателя со студентами, когда он чувствует в какой степени студенты, понимают материал по их реакции, чтобы оперативно сделать корректировки в ходе занятия;

8) студент имеет немало возможностей для «несамостоятельного» обучения, а преподаватель не имеет возможности для качественного контроля указанных издержек дистанционных технологий;

9) дистанционное обучение требует от вуза немалых финансовых затрат на техническое оснащение, программно-технические средства, подготовку специальных кадров, преподавателей и т.д.

Многие из плюсов и минусов дистанционного обучения имели место и в случае вынужденного (по причине пандемии) онлайн-обучения в Кыргызстане.

С целью выявления степени удовлетворенности студентов онлайн-обучением на факультете международных отношений ОшГУ было проведено анкетирование, которым было охвачено 390 студентов 1-4 курсов. Анализ анкет показал наличие целого ряда проблем в организации онлайн-обучения. Думается, эти проблемы имелись в учебном процессе и других факультетов и вузов.

Как показывает анализ ответов, только 25% опрошенных ответили, что их удовлетворяет онлайн-обучение. Для наших студентов, особенно проживающих в отдаленных районах и городах, положительные стороны онлайн-обучения заключаются в том, что им не только «удобно учиться, сидя у себя дома» (так ответили 46% студентов), но и выгодно с точки зрения экономии семейного бюджета (30% студентов - финансовые затраты на снятие квартиры, питание, проезды и др.), а также, находясь дома помогают родителям, занимаясь домашними делами. Студенты отмечают, что имеют свободу в выборе времени и места для самостоятельной работы с учебным материалом, могут сами определять скорость и время изучения учебного материала. При выполнении учебных заданий по дисциплинам приобретают навыки применения информационных технологий, а также умения находить нужную информацию из Интернета, учатся обрабатывать, обобщать собранную информацию, готовить презентации. На все указанные плюсы указывают студенты из числа удовлетворенных онлайн-обучением.

Вместе с тем, значительное большинство - 75% студентов выразили неудовлетворенность онлайн-обучением. Обучающимся не нравится данная форма учебы, прежде всего потому, что в учебном процессе нет «живого» общения с преподавателем (30%), со студентами (20%), когда можно обсуждать вопросы по теме занятий в «живой» аудитории. Действительно, «минусы» онлайн-обучения — это прежде всего отсутствие «вживую» проводимых на занятиях дискуссий, дебатов, круглых столов, когда не только ответы, но и взгляды, выражение лица, поведение, эмоции, каждое движение и даже поза преподавателя и студентов являются показателем степени восприятия и понимания учебного материала, успешности и эффективности занятия для студентов. Как показывают результаты исследований группы ученых [2, с.90] работодатели и студенты указали на снижение эмоциональной составляющей учебного процесса как на угрозу самого высокого уровня дистанционного обучения. Это говорит о том,что эмоциональный компонент занимает важное место в процессе освоения знаний и формировании умений и навыков.

Неудовлетворенность обучающихся онлайн-обучением усиливается и тем обстоятельством, что они вынуждены пропускать занятия, а значит не получают знания, по причине неудовлетворительной работы Интернета или его отсутствия совсем по месту жительства. Многие не могли подключиться к интернету совсем, кто-то все время «вылетал». Чтобы подключаться к онлайн-занятиям кто-то взбирался на гору, а кто-то вынужден был добираться до районного центра и заниматься целый день сидя на ступеньках здания айылөкмөтү. Большинство студентов, проживая в отдаленных сельских районах, не имели бесперебойного доступа к Интернету – на его плохую работу указывают 66% студентов, на отсутствие Интернета - 6%. Более того, и в областном центре г. Оше преподаватели и студенты постоянно сталкивались с проблемой перебоев в работе Интернета.

Еще одной, причем самой главной на наш взгляд, причиной неудовлетворенности студентов онлайн-обучением, является качество обучения и преподавания.

В нашем случае, только чуть более половины опрошенных - 57 % студентов оценивают в целом качество занятий преподавателей на «хорошо» и «отлично», 26% - на «удовлетворительно», и, что совсем недопустимо - 17% студентов ставят за качество занятий неудовлетворительную оценку. О том, что не посещают занятия, потому что они неинтересны говорят 10% студентов и не заходят на занятия по причине непонимания учебных материалов – 14%. Конечно, во всех этих цифрах есть определенная доля относительности, субъективности. Но, это не снимает проблемы. Очевидно, что все это говорит о недостатках в работе преподавателей.

Проблема неудовлетворенности онлайн-обучением усугубляется и отношением родителей к учебе своих детей. 24% студентов не удовлетворены онлайн-обучением по той причине, что, находясь дома им приходится пропускать занятия, поскольку они выполняют домашние дела по поручению родителей. Более того, занимая своих детей делами по дому, родители не разрешают заходить на занятия - на это указывают 6% студентов. О безразличии родителей к учебе своих детей говорят 16% студентов, об их отрицательном отношении к онлайн-обучению – 30% обучающихся.

И, наконец, на вопрос: «Дает ли вам онлайн-обучение пользу как офлайн обучение?» 70% опрошенных ответили: «Нет».

Таким образом, значительное большинство студентов выражают неудовлетворённость онлайн-обучением и предпочитают традиционное офлайн-обучение. Эта неудовлетворенность обусловлена указанными выше факторами. К этому следует добавить и фактор, который мы бы назвали «информационной замкнутости», когда «собеседником», «другом» и инструментом выполнения учебных заданий значительного большинства студентов становится мобильный телефон (в очень редких случаях компьютер). При этом, не всякий мобильный телефон дает возможности полноценно использовать информационные технологии. Учебный процесс для студента сосредоточен на маленьком экране мобильника, что вызывает не только высокую утомляемость и отражается на здоровье, но и создает неудобства для него и в плане восприятия учебных материалов, формирования практических умений и навыков, и в плане выполнения учебных заданий преподавателей. Так, в условиях пандемии в соответствии с учебным планом выпускникам факультета пришлось писать выпускные квалификационные работы. Государственной комиссии и преподавателям трудно было представить, как это возможно, когда ряд студентов

при онлайн-защите дипломной работы указали, что писали ее на мобильном телефоне.

К вышеуказанным проблемам можно добавить данные результатов исследований группы российских ученых (Ендовицкий Д.А., Рисин И.Е., Трещевский Ю.И., Руднев Е.А) о дисбалансе возможностей и угроз дистанционного обучения. [2]. По их мнению, эта форма обучения предоставляет студентам ограниченный перечень возможностей. Среди значимых возможностей, предоставляемых дистанционным обучением указываются:

- повышение уровня компьютерной грамотности ;
- приобретение навыков работы в удалённом режиме;
- повышение мотивации осваивать компетенции, необходимые для трудовой деятельности;
- повышение учебной и научной самостоятельности и некоторые др.

Подчеркивается, что дистанционное обучение прежде всего дает высокую возможность повысить уровень компьютерной грамотности.

Среди угроз дистанционного обучения самыми высокозначимыми названы:

- недостаток практических навыков;
- преобладание «знаниевых» компетенций в ущерб умениям;
- ухудшение состояния здоровья обучаемых;
- ограниченное развитие коммуникационных навыков. [2, с.91-93].

Как можно заметить, изложенные выше возможности и угрозы прослеживаются и в нашем исследовании. Можно согласиться с мнением авторов о явно выраженной неспособности дистанционного обучения обеспечить получение практических знаний. Следует отметить важный вывод, сделанный учеными в указанном исследовании: перечень угроз дистанционного обучения, имеющих очень высокую и высокую значимость, гораздо шире, чем возможностей. Данный тезис полностью подтверждается и нашим исследованием. Удовлетворенность 25% и неудовлетворенность онлайн-обучением 75% студентов – наглядное свидетельство дисбаланса в соотношении возможностей и угроз, наличия большого количества угроз и проблем данной формы обучения.

Все указанные проблемы ставят вопросы о том, не является ли онлайн-обучение угрозой для обучающейся молодежи, дает ли оно требуемый госстандартами образования и реальной практикой уровень знаний, умений и навыков?

Если говорить о механизмах решения указанных выше проблем онлайн–обучения, то можно отметить следующее.

Проблемунеспособности онлайн-обучения давать практические знания можно решить через ориентацию обучения на формирование практических навыков, что в свою очередь требует создания продуманного механизма сотрудничества вуза (факультета, программы) с работодателями, включающего в себя их привлечение ко всем формам учебного процесса и практики.

Для уменьшения и преодоления негативного влияния онлайн-обучения на здоровье студентов необходима разработка комплексной системы противодействия этому влиянию со стороны вуза и органов здравоохранения. Что касается дисбаланса угроз и возможностей, преобладания значимых угроз онлайн-обучения – здесь необходима разработка принципиально новых методических приёмов и мероприятий по их сокращению и устранению. Вот тут должны проявить свои творческие способности преподаватели.

Ключевой фигурой в учебном процессе является преподаватель, который должен дать студентам не только сумму знаний, но и научить его умениям и навыкам в своей предметной области. В условиях онлайн-обучения к преподавателю предъявляются особые требования – информационная грамотность, знание и владение информационными технологиями обучения, умение применять эти технологии в учебном процесс так, чтобы каждая лекция, практическое занятие были интересны и полезны для студентов, формировали у них умения и навыки. Прежде всего, решить проблему качества онлайн-обучения можно через серьезную подготовку преподавателей к использованию информационно-коммуникационных технологий (ИКТ) в образовательной деятельности, формирование у них навыков, связанных с ИКТ планирования, реализации и оценки образовательной деятельности. Преподавателей нужно обучать компьютерной грамотности для использования технологий онлайн-обучения. Однако передовые технологии сами по себе не ведут к значительному повышению эффективности обучения. Большое значение имеют продвинутость и креативность самих преподавателей, их умение творчески использовать продвинутые технологии, находить доступные и действенные способы преподнесения учебного материала студентам. Эффективность онлайн-обучения базируется на понимании преподавателем интересов и потребностей своих студентов.

